УДК 37.0: 82-1
DOI 10.58649/1694-9099-2026-2-67-74

ТЫНЫСТАНОВА Н.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
ТЫНЫСТАНОВА Н.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
TYNYSTANOVA N.A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0008-9037-7835

А.ОСМОНОВДУН «ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ» ПОЭМАСЫН IX КЛАССТА ЗАМАНБАП ТЕХНОЛОГИЯЛАР АРКЫЛУУ АНАЛИЗДӨӨ ЖАНА ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛОО МЕТОДДОРУ

МЕТОДЫ АНАЛИЗА И ИНТЕРПРЕТАЦИИ ПОЭМЫ А. ОСМОНОВА «ТОПОЛЬ ЭШИМКАНА» В IX КЛАССЕ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ СОВРЕМЕННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

METHODS OF ANALYSIS AND INTERPRETATION OF A. OSMONOV'S POEM "THE POPLAR OF ESHIMKAN" IN THE 9TH GRADE USING MODERN TECHNOLOGIES

Кыскача мүнөздөмө: Бул илимий макалада А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын IX класстын окуучуларына заманбап технологиялар аркылуу талдоо жана интерпре-тациялоонун инновациялык методдору изилденет. Изилдөөнүн актуалдуулугу билим берүү процессинде санариптик каражаттардын ролунун өсүшү жана адабий чыгармаларды окутуунун сапатын жогорулатуу зарылдыгы менен аныкталат. Макалада поэманын идеялык-тематикалык мазмуну, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү педагогикалык аспектиде анализдөөгө алын-ган. Ошондой эле окутууда колдонулуучу интерактивдүү доскалар, онлайн платформалар, мультимедиалык ресурстар сыяктуу заманбап технологиялардын түрлөрү классифи-кацияланып, алардын окутуу процессиндеги педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү жана артыкчылыктары аныкталган. Иштин негизги бөлүгүндө поэманы талдоо жана интер-претациялоонун конкреттүү методдору (виртуалдык экскурсиялар, интерактивдүү оюндар, мультимедиалык презентацияларды түзүү ж.б.) иштелип чыгып, алардын дидактикалык натыйжалуулугу бааланган. Жыйынтыгында, алынган билимдердин негизинде практикалык сунуштар иштелип чыгып, аларды билим берүү процессине киргизүү жолдору көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары адабият сабагында окуучулардын мотивациясын, билим сапатын жана санариптик көндүмдөрүн арттырууга оң таасир тийгизет.

Аннотация: В данной научной статье исследуются инновационные методы анализа и интерпретации поэмы А. Осмонова "Тополь Эшимкана" для учащихся 9 класса с исполь-зованием современных технологий. Актуальность исследования определяется растущей ролью цифровых средств в образовательном процессе и необходимостью повышения качества обучения литературным произведениям. В статье проанализированы идейно-тематическое содержание, художественные особенности поэмы в педагогическом аспекте. Также класси-фицированы виды современных технологий, используемых в обучении, такие как интер-активные доски, онлайн-платформы, мультимедийные ресурсы, и определены их педа-гогические возможности и преимущества в учебном процессе. В основной части работы разработаны конкретные методы анализа и интерпретации поэмы (виртуальные экскурсии, интерактивные игры, создание мультимедийных презентаций и т. д.) и оценена их дидак-тическая эффективность. В заключение, на основе полученных знаний разработаны прак-тические рекомендации и предложены пути их

внедрения в образовательный процесс. Результаты исследования оказывают положительное влияние на мотивацию, качество знаний и цифровые навыки учащихся на уроках литературы.

Abstract: This scientific article explores innovative methods of analysis and interpretation of A. Osmonov's poem "The Poplar of Eshimkhan" for 9th grade students using modern technologies. The relevance of the research is determined by the growing role of digital media in the educational process and the need to improve the quality of teaching literary works. The article analyzes the ideological and thematic content, artistic features of the poem in the pedagogical aspect. The types of modern technologies used in teaching, such as interactive whiteboards, online platforms, multimedia resources, are also classified, and their pedagogical capabilities and advantages in the educational process are identified. In the main part of the work, specific methods of analyzing and interpreting the poem (virtual tours, interactive games, multimedia presentations, etc.) are developed and their didactic effectiveness is evaluated. In conclusion, based on the knowledge gained, practical recommendations have been developed and ways of their implementation in the educational process have been proposed. The results of the study show a positive impact on the motivation, quality of knowledge and digital skills of students in literature lessons.

Негизги сөздөр: А.Осмонов; Эшимкандын тереги; поэма; заманбап технологиялар; анализдөө; интерпретациялоо; окутуу; методдор.

Ключевые слова: А.Осмонов; тополь Эшимкана; поэма; современные технологии; анализ; интерпретация; обучение; методы.

Keywords: A.Osmonov; topol Eshimkan; poem; modern technologies; analysis; interpretation; teaching; methods.

Алыскы жана жакынкы өткөндүн мурасын камтыган көркөм адабият адамзатты өнүктүрүүнүн каражаты катары көбүрөөк колдонулушу керек [1]. Анын ичинде кыргыз поэзиясынын классиги Алыкул Осмоновдун чыгармалары, улуттук адабиятыбыздын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Заманбап билим берүү парадигмасында адабий чыгармаларды окутуу жана талдоо процесси окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана эстетикалык табитин калыптандырууга багытталууда. Буга байланыштуу, окутуунун ар кандай формаларын жана методдорун, анын ичинде, заманбап технологияларды колдонуу өзгөчө актуалдуу болуп турат.

Бул макала А.Осмоновдун көрүнүктүү чыгармаларынын бири болгон “Эшимкандын тереги” поэмасын IX класстын окуучуларына заманбап технологиялардын жардамы менен талдоо жана интерпретациялоо методдорун изилдөөгө арналат. Поэманын идеялык-тематикалык мазмунун, көркөмдүк каражаттарын жана каармандардын образдарын терең түшүнүүдө, ошондой эле чыгарманын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугун ачууда жаңы ыкмаларды колдонуунун педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү каралат.

Изилдөөнүн максаты – А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын IX класстын окуучуларына заманбап технологиялар аркылуу талдоо жана интерпретациялоонун натыйжалуу методдорун аныктоо жана иштеп чыгуу.

А.Осмонов – кыргыз адабиятынын XX кылымдагы эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири. Анын поэзиясы терең лиризмге, улуттук колоритке жана адамдык сезимдердин кенен диапозонуна бай. “Эшимкандын тереги” поэмасы акындын жетилген чыгармаларынын катарына кирип, кыргыз элинин тарыхый-маданий мурасында өзгөчө орунду ээлейт. Педагогикалык көз караштан алганда, бул поэма IX класстын окуучуларынын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандырууга жана көркөм адабиятты терең түшүнүүгө таасир этүүчү чыгарма болуп саналат.

А.Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасынын өзөк окуяларын, маани-маңызын IX класстын окуучуларына чечмелеп түшүндүрүүдө анын төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүн эске алуу

керек. Эң эле биринчи өзгөчөлүк поэманын жанрдык-тектик өзгөчөлүгү легендалык сюжеттин негизинде жазылганында. Бул жөнүндө профессор А.Садыков минтип жазат: «Элде жайы-кышы бир калыпта гүлдөп турган чынар теректер жөнүндө айтылган уламыштар бар, алардын бирин А.Осмонов жазып алган. Анын сюжети мындай: Жыламыш суусунун боюнда бир чынар терек өсүп туруучу экен. Күндөрдүн биринде эки зөөкүр жигит келет да, элдин кой дегенине карабастан, аны кыя башташат. Ошондо таарылган жерден кан агып, жыгыларында кадимкидей кыйкырган үн угулат»[7, 67-68-б].

Айтмакчы, «уламыштар көбүнчө турмушта болуп өткөн окуялар, же жашап өткөн адамдар жөнүндө кабарлайт. Ошол себептен андагы окуялар жомокко караганда чындыкка жакын турат да, мифологиялык жана фантастикалык элементтер азыраак кезигет. Бирок бул табияттан тышкары турган күчкө, кереметке ишенүү жолукпайт деген сөз эмес. Кыргыз урууларынын түпкү теги, келип чыгышы жөнүндөгү уламыштардан муну ачык көрөбүз» [3, 401-б].

Поэмада элдин биримдиги, эрдик, мекенге болгон сүйүү жана курмандык түшүнүктөрү терең чагылдырылган. Эл башына түшкөн оор күндөрдө Эшимкандын жашын кичирейтип, өзүн курман кылууга даярдыгы, анын терегине айланышы аркылуу элдин эсинде түбөлүккө сакталып калышы баяндалат. Сюжеттик өнүгүүдө баатырдын ички дүйнөсү, эл менен болгон байланышы, курмандыкка баруудан кайра тартпаган мотиви чебердик менен ачылат. Акын мына ошол легендалык сюжетти жаңы идеялык максаттар үчүн пайдалана билгендигин окуучуларга эскертүү керек.

Поэманын негизги идеясы – элдин биримдиги жана эрдиктин өлбөстүгү. Эл башына кыйынчылык түшкөндө биримдикке келүү, жалпы максат үчүн күрөшүү зарылдыгы баса белгиленет. Эшимкандын образы аркылуу мекен үчүн жанын аябаган баатырдын эрдиги даңазаланып, кийинки муундарга үлгү болуп калат. Поэма ошондой эле жаратылыш менен адамдын гармониялуу байланышын теректин символикалык маанисин көрсөтөт. Терек – өмүрдүн, туруктуулуктун жана элдин эс тутумунун символу катары поэмада өзүнчө мааниге ээ. Поэмада башкы каарман Эшимкандын образы менен катарлаш шарттуу образ теректин символикалык образы сүрөттөлөт. Натыйжада бул символикалык терек оң образдардын да, терс образдардын да чыныгы жүзүн ачууда чоң роль ойнойт. Бул туурасында профессор А.Садыков: «Эшимкандын терегинде» терек – шарттуу образ. Ал кандуу согушка карата болгон элдик көз карашты жана кара ниет адамдардын акыры жакшылык көрбөсүн түшүндүрөт» – деп белгилеген [8, 67-б].

«Символ (гр. – шарттуу белги) – бир көрүнүштү, окуяны, нерсени билдирүүчү шарттуу белги»[5, 139-б]. Бул «Эшимкандын тереги» поэмасындагы символдуулукка кылдат мамиле кылуу керек дегенди билдирет, символду түшүнбөө – чыгарманы таптакыр түшүнбөө менен барабар.

Поэма көркөмдүк каражаттарга бай чыгарма. Акын эпикалык баяндоону лирикалык элементтер менен айкалыштырып, окуучунун эмоционалдык кабылдоосун күчөтөт. Поэмада төмөнкүдөй көркөмдүк каражаттар кеңири колдонулат:

- Метафора жана салыштыруулар: Элдин кайгысы кара булутка, баатырдын эрдиги тоодой бийикке салыштырылат.
- Эпитеттер: “Караңгы түн”, “бийик тоолор”, “күчтүү баатыр” сыяктуу сөздөр аркылуу сүрөттөлүштөр ачык жана элестүү берилет.
- Аллитерация жана ассонанс: Ыргактуулукту жана музыкалуулукту камсыз кылуучу кайталоолор кездешет.
- Риторикалык суроолор жана кайрылуулар: Окуучуну көңүл бурууга, ой жүгүртүүгө түрткү берүүгө багытталган.
- Символизм: Терек – түбөлүктүүлүктүн, элдин эс тутумунун символу катары колдонулат.

Поэманы педагогикалык аспектиде карай турган болсок, бул поэманы IX класста окутуу төмөнкү педагогикалык максаттарга жетүүгө өбөлгө түзөт:

- Улуттук тарых жана маданият менен тааныштыруу: Окуучулар кыргыз элинин баатырдык өткөнү, уламыштары менен таанышат.
- Адеп- ахлактык тарбия берүү: Мында эрдик, мекенге болгон сүйүү, курмандык сыяктуу түшүнүктөр аркылуу окуучулардын аң-сезимине таасир этүү.
- Тилдик компетенцияны өнүктүрүү: Мында окуучулардын көркөм текстти түшүнүү, талдоо, өз оюн билдирүү көндүмдөрүн калыптандыруу.
- Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү: Мында поэманын идеялык мазмунун, каармандардын мотивдерин талдоо аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсү активдештирилет.
- Эстетикалык табитин калыптандыруу: Мында окуучулардын көркөм сөздүн күчүн сезүү, поэтикалык тилдин кооздугуна баа берүү жөндөмү жакшырат.

Демек, А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын педагогикалык аспектиде анализдөө анын мазмунун, идеялык багытын жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн терең түшүнүүнү камтыйт. Бул анализ окуучуларга поэманын улуттук маданияттагы ордун, анын адеп-ахлактык жана эстетикалык баалуулуктарын ачып берүүгө багытталат.

Поэма маселенин проблемалуу коюлушу жана чечилиши менен өзгөчөлүккө ээ. Окуучуларды адам жана жаратылыш, адамдын абийири маселеси ойлондурбай койбойт. Классик акын А.Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасын IX класста окутууда интерактивдүү лекция-баарлашуу усул-ыкмасынын колдонулганы ылайыктуу. Профессор Б.Оторбаев айкын белгилеп кеткендей, «Лекция-баарлашуу же класс менен болгон диалог окуучуларды окуу процессине жигердүү тартуунун көбүрөөк кеңири таралган жана салыштырмалуу жөнөкөй формасы болуп эсептелинет. Бул лекция-сабак кыргыз адабияты мугалиминин класс менен түздөн-түз алака-катышта болуусун көңүлгө алат. Лекция-баарлашуунун артыкчылыктуу жагы окуучулардын дитин теманын көбүрөөк маанилүү маселелерине бурууга, жаңы окуу материалынын мазмунун жана көлөмүн окуучуларынын өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен аныктап-тактап алуусуна мүмкүнчүлүк берет» [6, 329-б.].

Заманбап коом укмуштуудай ылдамдыкта өнүгүп жатат, бул билим берүү системасынын ийкемдүү жана тынымсыз өзгөрүүгө жөндөмдүү болушун талап кылат [4]. Демек, азыркы билим берүү системасы окуучуларга жөн гана билим берүү менен чектелбестен алардын сынчыл ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн жана санариптик сабаттуулугун өнүктүрүүнү да максат кылат. Ушул өңүттөн алганда, Алыкул Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын IX класста окутууда заманбап технологияларды интеграциялоо сабактын сапатын жогорулатуунун, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруунун жана материалды терең өздөштүрүүнүн натыйжалуу жолу болуп саналат. Бул жерде төмөнкү заманбап технологиялар окутуу процессинде бир катар жаңы педагогикалык мүмкүнчүлүктөрдү ачат:

1. Визуалдаштыруу жана элестетүү: Поэманын тексти гана эмес, анын мазмуну, каармандары жана атмосферасы мультимедиалык каражаттар (иллюстрациялар, видеолор, анимациялар, сүрөттөр) аркылуу визуалдаштырылышы мүмкүн. Мисалы, поэмадагы окуя болгон жерлердин виртуалдык сүрөттөрү, теректин образынын ар кандай сүрөттөмөлөрү же поэманын негизинде тартылган кыска анимациялар окуучулардын элестетүүсүн жандандырып, текстти жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Бул абстрактуу ойлорду конкреттүү формага келтирип, окуучунун кабылдоосун жеңилдетет.
2. Интерактивдүүлүктү жогорулатуу: Мында салттуу окутууда окуучулар пассивдүү угуучу болсо, технологиялар интерактивдүүлүктү камсыз кылат. Интерактивдүү доскадагы көнүгүүлөр, онлайн тесттер, оюн элементтери бар тапшырмалар окуучуларды активдүү катышууга түртөт. Поэма боюнча интерактивдүү тесттер, кроссворддор же каармандардын сөзүнө карата диалогдорду түзүү сыяктуу тапшырмалар окуучулардын билим деңгээлин тереңдетүүгө жана эстеп калууга жардам берет.

3. Дифференциацияланган окутууну ишке ашыруу: Ар бир окуучунун өздөштүрүү темпи жана кабыл алуу өзгөчөлүктөрү ар башка. Технологиялар инсанга багытталган окутууну ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Мугалим жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша ар кандай деңгээлдеги тапшырмаларды (мисалы, поэманын татаал жерлерин түшүндүргөн кошумча видео материалдарды же жеңилирээк интерактивдүү оюндарды) сунуштай алат.

4. Чыгармачылыкты өнүктүрүү: Заманбап технологиялар окуучуларга жөн гана маалыматты алууга эмес, аны иштеп чыгууга жана өзүнүн чыгармачылык дараметин көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы, поэманын негизинде мультимедиалык презентацияларды, видеороликтерди, аудиокитептерди түзүү, же болбосо поэманын каармандары тууралуу блог жүргүзүү аркылуу окуучулар өз ойлорун, идеяларын оригиналдуу түрдө билдире алышат.

5. Өз алдынча иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу: Онлайн платформалар жана санариптик китепканалар окуучуларга керектүү маалыматты өз алдынча издөөгө жана анализдөөгө шарт түзөт. Бул поэманын жаралуу тарыхы, тарыхый контексти же автордун өмүр баяны тууралуу кошумча материалдарды изилдөөгө түрткү берип, алардын изилдөөчүлүк көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Заманбап технологияларды колдонуу адабий чыгармаларды окутууда бир катар маанилүү артыкчылыктарды берет:

1. Мотивацияны жогорулатуу: Сабактын кызыктуу, динамикалуу жана визуалдык жактан бай болушу окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жана мотивациясын кыйла арттырат. Окуучулар тааныш санариптик чөйрөдө өзүн эркин сезип, окуу процессине жигердүү катышууга умтулат.

2. Материалды тереңирээк өздөштүрүү: Визуалдык, аудиалдык жана интерактивдүү материалдардын айкалышы окуучулардын ар кандай кабыл алуу каналдарын иштетип, материалды ар тараптуу жана терең өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Поэманын мазмуну, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, автордун стили ар кыл форматта берилгенде ал эсинде туруктуу сакталат.

3. Окутуу процессинин эффективдүүлүгү: Мугалим заманбап технологияларды колдонуу менен сабакка даярдануугa кеткен убакытты үнөмдөй алат, ошол эле учурда сабактын мазмундуулугун жана түшүнүктүүлүгүн жогорулатат. Мисалы, даяр интерактивдүү тапшырмаларды же видео лекцияларды колдонуу мугалимдин ишин жеңилдетет.

4. Адабий чыгарманын актуалдуулугун ачуу: Заманбап технологиялар “Эшимкандын тереги” сыяктуу классикалык чыгарманын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугун ачууга жардам берет. Социалдык тармактарда поэма тууралуу талкууларды уюштуруу, же анын идеяларын азыркы көйгөйлөр менен байланыштырган долбоорлорду түзүү окуучуларга адабияттын жашоо менен байланышын көрсөтөт.

5. Санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү: Окуу процессинде технологияларды колдонуу окуучулардын XXI кылымдын талаптарына ылайык келген санариптик көндүмдөрүн (маалыматты издөө, анализдөө, санариптик инструменттерди колдонуу, онлайн коммуникация) өнүктүрүүгө түздөн-түз таасир этет. Бул алардын келечектеги кесиптик жана жеке жашоосу үчүн маанилүү.

“Эшимкандын тереги” поэмасын IX класста окутууда жогорудагыдай заманбап технологияларды колдонуу окутуунун салттуу методдорун байытып, аны заманбап динамикалуу жана натыйжалуу кылат. Бул окуучулардын адабий сабаттуулугун гана эмес, алардын жалпы интеллектуалдык жана социалдык-коммуникативдик өнүгүүсүнө да оң таасирин тийгизет.

Демек, адабий чыгармаларды окутууда заманбап технологияларды колдонуу жөн гана модага айланган тенденция эмес, бул окуучулардын материалды терең өздөштүрүүсүнө, алардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана чыгармачыл дараметин ачууга багытталган стратегиялык кадам [9]. IX класстын окуучуларына А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын талдоодо жана интерпретациялоодо төмөнкүдөй конкреттүү методикалык ыкмаларды иштеп чыгып, алардын дидактикалык натыйжалуулугун комплекстүү баалоо максатка ылайыктуу.

1. Виртуалдык экскурсиялар жана интерактивдүү карталарды колдонуу: мында поэмада сүрөттөлгөн жерлердин же окшош ландшафттардын виртуалдык экскурсияларын (Google Earth, VR-турлар аркылуу) уюштуруу. Ошондой эле, поэманын сюжетин же каармандардын жолун

көрсөткөн интерактивдүү карталарды түзүүгө болот. Бул карталарга тексттен үзүндүлөрдү, иллюстрацияларды, аудиоклиптерди же кыска видеолорду бириктирүүгө болот. Бул ыкманын дидактикалык натыйжалуулугу окуучулардын чыгарманын мейкиндик жана географиялык контекстин жакшыраак түшүнүүсүнө шарт түзөт. Окуучулар поэманын атмосферасына сүңгүп кирип, окуялардын болгон жерин элестетүү аркылуу чыгарманы тереңирээк сезишет жана эмоционалдык байланыш түзүшөт. Интерактивдүүлүк окуучулардын когнитивдик активдүүлүгүн жогорулатып, маалыматты визуалдык жана тактилдик деңгээлде кабыл алууга жардам берет.

2. Интерактивдүү оюндар жана викториналар: мында поэманын негизинде интерактивдүү оюндарды (Kahoot, Quizizz, LeamingApps сыяктуу платформаларды) жана викториналарды түзүү. Булар поэманын мазмунун, каармандарды, көркөм каражаттарды, автордун стилин жана идеясын камтышы мүмкүн. Ошондой эле, поэмадагы афоризмдерди, туруктуу сөз айкаштарын же фразеологизмдерди табуу жана алардын маанисин ачуу боюнча оюндарды уюштуруу. Бул ыкманын дидактикалык натыйжалуулугу оюн элементтери окуу процессине кызыгууну кошуп, окуучулардын мотивациясын жогорулатат. Окуучулар оюн аркылуу билимди оңой өздөштүрүп, алган маалыматтарын тез эстеп калышат. Аталган ыкма билимди текшерүү жана бекемдөө үчүн эффективдүү курал болуп саналат, ошол эле учурда окуучулардын арасында атаандаштык жана кызматташтык элементтерин өнүктүрөт.

3. Мультимедиалык презентацияларды жана санариптик сторителлингди түзүү: мында окуучуларга поэманын белгилүү бир бөлүктөрүн, каармандардын образдарын же негизги идеяларын чагылдырган мультимедиалык презентацияларды (PowerPoint, Google Sides, Prezi ж.б.) же санариптик стори-теллингдерди (аудио, видео, сүрөттөр менен айкалышкан баяндар) тапшырмасын берүү. Мында алар поэмадан үзүндүлөрдү окуп, өзүлөрүнүн сүрөттөрүн, видеолорду же анимацияларды кошо алышат. Бул ыкманын дидактикалык натыйжалуулугу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн, маалыматты системалаштыруу жана структуралаштыруу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Алар текстти терең талдап, анын негизги ойлорун өз алдынча чыгармачылык формада чагылдырууга үйрөнүшөт. Мындан тышкары, презентация жасоо жана аны коргоо аркылуу окуучулардын коммуникативдик жана оратордук жөндөмдөрү да өркүндөйт.

4. Онлайн талкуу аянтчалары жана блогдор: мында поэманын актуалдуулугун, каармандардын аракеттерин же автордун позициясын талкуулоо үчүн онлайн форумдарды (Google Classroom, Moodle же атайын блог платформалары) түзүү. Окуучуларга поэма боюнча өз ойлорун, суроолорун, сын-пикирлерин жазуу, башка окуучулардын пикирлеринен жооп берүү мүмкүнчүлүгүн берүү. Бул ыкманын дидактикалык натыйжалуулугу окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн жана аргументтүү сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Окуучулар текстти ар кандай көз караштан талдап, өз пикирин негиздөөгө үйрөнүшөт. Ошондой эле, бул алардын жазуу көндүмдөрүн жана санариптик коммуникация маданиятын жогорулатат.

5. Аудиокитептерди жана подкасттарды түзүү: мында окуучуларга поэманын айрым бөлүктөрүн же толугу менен аудио форматта жаздыруу тапшырмасын берүү. Алар чыгармадагы каармандардын үнүн туурап, интонация аркылуу тексттин эмоционалдык мазмунун берүүгө аракет кылышат. Ошондой эле, поэманын актуалдуулугу же анын мааниси жөнүндө кыска подкасттарды даярдоо сунушталышы мүмкүн. Бул ыкманын дидактикалык натыйжалуулугу окуучулардын окуу жана угуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Текстти үн чыгарып окуу жана жаздыруу аркылуу алар тилдин көркөмдүгүн, ыргагын жана маанисин тереңирээк сезишет. Подкаст түзүү болсо маалыматты кыска жана жеткиликтүү форматта берүү жөндөмүн калыптандырат.

Жогоруда аталган методдордун дидактикалык натыйжалуулугун баалоо комплекстүү түрдө жүргүзүлөт. Булар төмөнкүлөрдү камтыйт: Тесттер жана суроолор (окуучулардын поэманын мазмунун, идеясын жана көркөм каражаттар деңгээлин аныктоо); чыгармачылык тапшырмалардын сапаты (мультимедиалык презентациялар, санариптик сторителлингдер, аудио-китептер ж.б. ушул сыяктуу чыгармачылык иштердин мазмуну, көркөмдүгү жана оргиналдуулугу бааланат.); талкууларга катышуу активдүүлүгү (онлайн форумдардагы же класстык талкуулардагы

окуучулардын жигердүүлүгү, аргументтүүлүгү жана ойлорунун тереңдиги); байкоо (мугалимдин сабактын жүрүшүндө окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун, мотивациясын жана бири-бири менен кызматташуусун байкоосу); анкеталар жана маектешүүлөр (окуучулардын технологияларды колдонуу боюнча өз ойлорун, каалоолорун жана алынган билимге болгон мамилесин аныктоо).

Бул конкреттүү методдорду иштеп чыгуу жана алардын натыйжалуулугун баалоо аркылуу А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын окутуу процессин жаңы деңгээлге көтөрүп, окуучулар үчүн кызыктуу жана мазмундуу кылууга болот.

Бул изилдөө А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын IX класста заманбап технологиялар аркылуу талдоо жана интерпретациялоо методдорунун теориялык жана практикалык маанилүүлүгүн ачып берди. Жүргүзүлгөн анализдердин негизинде, окутуунун сапатын арттырууга жана окуучулардын адабий чыгармачылыкка болгон кызыгуусун тереңдетүүгө багытталган бир катар практикалык сунуштарды билим берүү процессине киргизүү төмөнкүдөй жолдор менен ишке ашырылышы зарыл: поэманын негизинде интерактивдүү мультимедиалык колдонмолорду түзүп, мугалимдер үчүн атайын тренингдерди уюштуруу аркылуу аларды ушул типтеги санариптик материалдарды түзүүгө жана сабакта эффективдүү колдонууга үйрөтүү; поэманын негизги сюжеттик линияларын, каармандардын мүнөздөрүн, көркөм каражаттарын жана идеялык мазмунун бекемдөөчү интерактивдүү оюндарды иштеп чыгып, адабият мугалимдеринин предметтик жумалыктарында же семинарларында демонстрациялоо; мектеп программасына “ Санариптик адабият жумалыгы” же “Адабий чыгармачылыктын санариптик формалары” аттуу атайын долбоорлорду киргизүү; технологиялык жактан жабдылган класстарды түзүү жана мугалимдерге керектүү программалык жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

Жыйынтыгында, А.Осмоновдун “Эшимкандын тереги” поэмасын IX класста окутууда заманбап технологиялардын канчалык деңгээлде дидактикалык натыйжалуу экени дагы бир жолу ырасталды. Изилдөө көрсөткөндөй, интерактивдүү жана мультимедиалык каражаттарды сабак процессине киргизүү окуучулардын адабий текстке болгон кызыгуусун олуттуу түрдө арттырып, алардын мазмунду терең өздөштүрүүсүнө, көркөм образдарды элестетүүсүнө жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө оң таасирин тийгизет.

Санариптик ресурстарды жана интерактивдүү тапшырмаларды колдонуу окуучулардын билим алууга болгон мотивациясын жогорулатып, аларды активдүү катышуучуларга айландырат.

Бул изилдөөнүн жыйынтыктары адабият сабагында заманбап технологияны колдонуунун зарылдыгын жана эффективдүүлүгүн далилдеп турат. Иштелип чыккан практикалык сунуштар Кыргызстандагы жалпы билим берүүчү мектептерде адабий билим берүүнүн сапатын арттырууга, окуучулардын санариптик компетенцияларын өнүктүрүүгө жана аларды XXI кылымдын талаптарына шайкеш келген инсандар катарында тарбиялоого өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Адылбек кызы Г., Назарбекова Б.Ж., Султан кызы Б. Кыргыз адабияты сабагында өспүрүм куракгагы окуучуларды сабырдуулукка тарбиялоо // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, № 2(114), 2023, 139-145-бб.
2. Алымов Б. Кыргыз адабияты. Кыргыз орто мектептеринин 9-классы үчүн окуу китеби. 3-басылышы. – Б.: Билим-компьютер, 2007.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Б., 1996.
4. Нуруева Ж.Б. Билим берүүнүн заманбап тенденциялары// Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, № 3(119), 2024, 26-31-бб.
5. Муратов А., Шериев Ж., Исаков К. Кыргыз адабияты: маалыматтама. – Б.: Айат, 2014.
6. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. – Б.: Айат, 2020. – 560 б.
7. Садыков А. Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новатордук. – Ф., 1962.
8. Садыков А. Ч.Айтматовдун көркөм дүйнөсү. – Б.: 1997. – 167 бет.

9. Селевко Г.К. Традиционная педагогическая технология и её гуманистическая модернизация. – М.: НИИ школьных технологий, 2005.

Рецензент: профессор Кенжешев К.Д.